## ОшТУНУН СТУДЕНТТЕРИНИН ЖАТАКАНАДА ЖАШОО ШАРТТАРЫНА КАНААТТАНУУСУ БОЮНЧА АНАЛИТИКАЛЫК ОТЧЕТ

**1. Киришүү.** Бул аналитикалык отчет Ош технологиялык университетинин (ОшТУ) студенттеринин жатаканада жашоо шарттарына болгон канааттануусун аныктоо максатында жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыктарына негизделет. Сурамжылоонун алкагында студенттердин жатаканалардагы турмуштук шарттарга болгон көз карашы, ошондой эле биринчи кезекте чечүүнү талап кылган көйгөйлөр изилденди.

Студенттик жатакана - студенттердин социалдык адаптациясына, окуу процессине толук кандуу катышуусуна жана жалпы жашоо сапатына түз таасир эткен маанилүү инфраструктуралык объект болуп саналат. Ошондуктан жатаканалардагы шарттарды үзгүлтүксүз жакшыртуу университеттин социалдык өнүгүү саясатынын негизги багыттарынын бири болуп эсептелет.

**2. Сурамжылоонун максаты жана милдеттери**

**Максаты:**

ОшТУнун студенттеринин жатаканада жашоо шарттарына болгон канааттануу деңгээлин аныктоо жана негизги көйгөйлөрдү талдоо.

**Милдеттери:**

- Студенттердин жатаканадагы жашоо шарттарына берген баасын аныктоо;
- Жатаканада биринчи кезекте чечилиши керек болгон көйгөйлөрдү белгилөө;
- Алынган маалыматтардын негизинде практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**3. Изилдөөнүн методологиясы**

Сурамжылоо анкеталык ыкма менен жүргүзүлдү. Анкета онлайн форматта (Google Forms) даярдалып, ОшТУнун жатаканаларында жашаган студенттерге таратылды.

**4. Сурамжылоонун катышуучулары:**

- жатаканада жашаган бакалавр жана магистратура студенттери.

Алынган маалыматтар статистикалык ыкмалар менен иштелип чыгып, пайыздык көрсөткүчтөр аркылуу талданды.

**5. Сурамжылоонун негизги жыйынтыктары:**


Сурамжылоого 234 студент катышкан. Жатаканада жашоо шарттарына жалпы баа.

1. Жатакананын комплекстик түзүмдүк бөлүктөрүнүн санитардык-техникалык абалын баалаңыз? деген суроонун жыйынтыгы:


| № | Түзүмдүк бөлүктөрдүн аталышы | Абдан жакшы | Жакшы | Начар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Аймак, кире бериш | 55,1 % | 29,1 % | 15,8 % |
| 2 | Борбордук холл | 60,3% | 26,9 % | 12,8% |
| 3 | Ашкана | 552,8Я% | 28,6% | 18,8% |
| 4 | Дем алуу бөлмөсү | 53% | 31,6% | 15,4% |
| 5 | Санитардык бөлмө | 55,6% | 27,4% | 17,1% |
| 6 | Душ бөлмөсү | 47% | 33,8% | 19,2% |
| 7 | Жуунуучу бөлмөлөр (жуунуу, кургатуу) | 47,8% | 24,8% | 27,4 % |
| 8 | Китепкана | 32,9% | 17,5% | 49,6 % |
| 9 | Компьютердик класс | 24,4% | 14,1% | 61,5 % |
| 10 | Бөлмөнү оңдоо (ремонт) | 48,3% | 26,5% | 25,2 % |
| 11 | Бөлмөдөгү эмеректердин абалы | 53,4% | 29,5% | 17,1% |
| 12 | Бөлмөнүн жылытуу системасы | 38,9% | 30,8 % | 30,3% |
| | **Жалпы** | **47,46%** | **26,72%** | **25,85%** |

2. Жатаканада жашоо үчүн төлөм суммасы сизге ылайыктуубу? деген суроонун жыйынтыгы:
- ооба – 66,7 %
- жок – 14,5 %
- жооп берүү кыйын, деп – 18,8 % студент жооп беришкен (диаграмма 1).

Диаграмма 1





3. Сиз жатакананын коопсуздук кызматкерлеринин ишине канчалык канааттанасыз? Деген суроонун жыйынтыгы:
- 79,9 %ы жатакананын коопсуздук кызматкерлеринин ишине канааттанарын;
- 8,1 % катааттанарын;
- 12 % студент канаттанбастыгын билдиришкен (диаграмма 2).





3. Жатаканада сиздин жеке буюмдарыңыз жоголгонбу?
- ооба, дайыма – 4,7 %
- ооба, бир нече жолу – 14,1 %
- жок, деп - 81,2 % студенттер жооп беришкен (диаграмма 3).

Диаграмма 3




4. Жатаканда жашаган студенттерге коменданттын мамилеси сизди канааттандырабы? - деген суроонун жыйынтыгы:
- канааттандырат - 93,2 %
- канааттандырбайт – 6,8 5 студенттер жооп беришкен (диаграмма 4)




5. Сураныч, төмөнкү жетекчилер жатаканага канча жолу барарын көрсөтүңүз – деген суроонун жыйынтыгы (Диаграмма 5):


| Структуралык бөлүмдөр | Аптасына бир жолу | Айына бир жолу | Семестрде бир жолу | Келишпейт |
|---|---|---|---|---|
| Тарбия жана социалдык иштер департаментинин кызматкерлери | 90 | 68 | 31 | 45 |
| Институттун директорлору | 60 | 70 | 45 | 59 |
| Кураторлор | 59 | 50 | 38 | 87 |
| Жаштар комитети | 117 | 56 | 19 | 42 |




5. Жатаканада окууга даярданууда шарттар түзүлгөнбү? Деген суроонун жыйынтыгы:


- ооба – 87,2 %
- жок – 12,8 % студенттер жооп беришкен (Диаграмма 5).

Диаграмма 6





6. Жатаканада окууга даярданууга эмне тоскоол болот? – деген суроонун жыйынтыгы:
- бөлмөдөгүлөр – 19,7 %
- ызы-чуу (көңүл ачуучу музыка) – 26,9 %
- аз бош убакыт 29,9 % студенттер жооп беришкен.


Диаграмма 7





9. Жатакананын компьютердик классын колдоносузбу? – деген суроого төмөнкүдөй жооп беришкен:
- ооба - 7,3 %
- кээде – 12,4 %
- жок – 80,3% студенттер жооп беришкен (диаграмма 8) Диаграмма 8




Бул көрсөткүчтөр жатаканада компьютердик класс жетишсиз экендигин айгинелейт.
10. Жатакананын китепканасын колдоносузбу? – деген суроонун жыйынтыгы:
- ооба – 12,8 %
- кээде – 18,4 %
- жок – 68,8 % студенттер жооп беришкен (диаграмма 9).





Бул көрсөткүчтүн жыйынтыгын**да** жатаканада китепкананын жок экендигин маалымдайт.
11. Жатаканада студенттер үчүн окуу сыртындагы иш-чаралар канчалык денгээлде өтөт?
- туруктуу – 40,6 %
- жыш – 12,4 %
- сейрек – 40,6 %
- өтпөйт – 44 % студенттер жооп беришкен (Диаграмма 10). Диаграмма 10



12. Сиздин оюңузча, жатаканада кандай иш-чаралар жетишпейт жана кайсынысы көбүрөөк уюштурулса жакшы болот? – деген суроонун жыйынтыгы:

- спорттук иш-чаралар (эстафеталар, мелдештер, чемпионаттар) – 42,7 %
- билим берүү иш-чаралары (тренингдер, семинарлар, кызыктуу адамдар менен жолугушуулар) – 16,7 %
- башка иш-чаралар (жаратмандык кечелер, дискотекалар, майрамдар) – 34,6 студенттер жооп беришкен (Диаграмма 11)


Диаграмма 11




13. Жатаканда жашоо шарттарын жакшыртуу үчүн эмнелерди уюштуруу керек деп ойлойсуз? – деген суроонун жыйынтыгы:

- чет тилдерин үйрөнүү клубу – 50,4 %
- тамак-аш даярдоо кружогу – 15 %
- волонтердук иш-чаралар – 15,4 %
- жаратмандык кружоктор – 19,2% студенттер жоо беришкен (диаграмма 12)

Диаграмма 12




14. Жатаканада кандай көйгөйлөрдү биринчи кезекте чечүү керек деп ойлойсуз? - деген суроонун жыйынтыгы:

| |
|---|
| Кухнядагы ысык суу, ваннага бөлмөнү ысытуучу обограватель жок |
| Кошумча эмеректер |
| Кухнядагы ысык сууну, ваннага ысытуучу коюшлушу керек. Жана ошондой вахтерша эжелердин ратация болбошун каалайбыз! |
| Свет на кухне |
| Тункусун кечирээк жабылсын |
| Сантехник керек |
| Кызматкерлер өз ордуна калууну талап кылабыз |
| Жатаканада бузулган нерселерди убагында ондоп беууну |
| Повести нам карниз |
| Шкафты чонойтуу |

| |
|---|
| Компьютерный класс жана китепкана болуш керек |
| Сломанные мебели,горячая вода , не работает ванна |
| Вахтёршаларды алмаштырбаш керек |
| Тазалык |
| Аристон ысык суу |
| Суу проблемасын кухня да Жылуу суу керек |
| Сантехника нет ,дворники нет,электрик керек |
| Вахтёрша эжелерди кетирбоосун каалайм жанада дворник ,сантехник ,электрик керек |
| Сантехник жок , дворник жок, вахтёрша кетпесин |
| вахтыдагы эжелер кетпесин кобураак аял кишилер болсун жатаканада. каждый неделя уборка болбосун биз сабактан бошобойбуз озубуздун жумуштарыбыз коп |
| Дворник алыш керек,Вохтёрша кетпесин,сантехник алышсын |
| Вахтерша эжелер кетпесин, аял вахтерша эжелер коп келсин,субботник коп болот,субботник коп болгондуктан сабакка да жетишуу кыйын. |
| Вахтершалар кетпесин.сантехник дворник жок |
| Вахтерша эжелер кетпесин! Биз эркек кишилер келерине каршыбыз<br>Жана электрик ,сантехник,дворниктер керек анткени биз ар жума четверг субботник кылып жатабыз жана бул округа то кол берип жатат |
| Нужно дворники и сантехник и электрик<br>Вахтерша эжелерди айдабашыны эртек кишилер болбойт общага да кыздар коп ошондуктан болбойт ♡ |
| Вахтёрша эжелер кетпесин<br>Дворник жок |
| Ар жумада суботник кылабыз дворникьер алынышы керек,комнаталар суук, кухнядан ысык суу жок,вахтачы ежелер жумушта калсын |
| Вахтадагы эжелер иштен кетпесин |
| Тынчтык болушуну каалайм,бийик музыканын уну угулат. |
| Эшиктен келген жат адамдарды киргизбөө |
| Электрик сантехник дворник жоок вахта дагы эжейлер жамиля эже кетпесин |
| Вахтадагы жаны келген агай карай албайт,вахтёрша эки эже жакшы карайт ротация кылган кызматкерлерди оз ордунда калуусун отунобуз сураныч ушул суранычты карап беруунуздорду отунобуз |
| Дворник керек вахтёрша эжелер кетпесин |
| 9 эмес 11де жабылыш керек |
| Электрик,Сантехник Вахтадагы эжелер кеттишине карашыбыз,дворник , |
| Душ, компьютер, ремонт |
| Вахта да Эжелер кетуусуно каршыбыз<br>Сантехник ,электрик , дворник жетишпейт<br>Жаны келген агайга каршыбыз мурдакы вахта дагы Жамийла Эже жакшы болчу биздин сураныч ыбызды четке какпоонуздарды суранабыз |
| Ротация болгон кызматкерлер өз ордунда калуусун өтүнөбүз дворник, сантехник,электрик жок дискотека көбүрөөк болуусун отунобуз |
| Жата канада вахтёрша эжелер кетпесин электричество и сантехника и дворники нету |

| |
|---|
| Вохтер ага карай албайткен эжейлер жакшы ротация болгон кызматкерлер оз ордунда калуусун отунобуз |
| Тартип Жана окуу спорт |
| Вахта жабылуу убактысын жылдыруу |
| Грязные комнаты и шумные люди. |
| Нет ремонта |
| Китепканнаны кылып бериши керек 2 компютердик кабинет |
| Вахтадагы эжелер кетпесин, Сантехника ж.б. нерселер керек |
| 7 - подъезде жаны эшиктер койуш керек, терезелерди да |
| Сантехник Электрик дворник вахтарёрща эжелер калсын |
| Атаплление |
| Нехватка сантехников и дворников |

**6. Негизги көйгөйлөр (жыйынтыгы)**

Студенттердин жоопторун талдоонун негизинде эң көп кайталанган көйгөйлөр:

1. Сантехник, электрик, дворник жетишсиз
2. Ысык суунун жоктугу (кухня, ванна)
3. Жылытуу системасынын начардыгы
4. Компьютердик класс жана китепкананын жоктугу
5. Бузулган эмеректер жана ремонттун жетишсиздиги
6. Вахтёрша эжелерди алмаштырбоо талабы (коопсуздук жана ишеним фактору)
7. Ызы-чуу, тартип маселеси
8. Жабылуу убактысын кечирээк кылуу талабы

**7. Сунуштар**

1. Сантехник, электрик жана дворник штаттарын тез арада камсыз кылуу;
2. Кухня жана ванна бөлмөлөрүн ысык суу менен туруктуу камсыз кылуу;
3. Компьютердик класс жана жатакана китепканасын ачуу;
4. Жылытуу системасын жаңылоо;
5. Вахта кызматкерлерин ротация кылууда студенттердин пикирин эске алуу;
6. Спорттук жана маданий иш-чараларды көбөйтүү;
7. Чет тилдер клубун уюштуруу.

**8. Жалпы корутунду**

Жалпысынан студенттер жатаканада жашоого орточо-жакшы деңгээлде канааттанган. Бирок инженердик-техникалык тейлөө, окуу инфраструктурасы жана коммуналдык шарттар боюнча олуттуу көйгөйлөр бар. Айрыкча сантехника, электр, тазалык кызматкерлеринин жетишсиздиги жана окуу үчүн шарттардын жоктугу студенттердин негизги наарazычылыгын жаратат.

Отчетту даярдаган:

ББСАжЛБнүн башчысы, т.и.к.  Азимова А.А.